# Көркөмдүктү көрө бил



Автор: Кубанычбек Аркабаев

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Көркөмдүктү көрө бил

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Көркөмдүктү көрө бил" (кыргыз тилинде), автор Кубанычбек Аркабаев, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Күн ачык асманга көтөрүлдү. Анын жылуу нурлары жайлоонун салкын абасына айкалышып турду. Чурулдай ойноп жаткан окуучулар жашыл айдыңга тизилишти. Эки күндүк эс алууга чыккан балдарга мектеп директору жарыя айтты:


– Кымбаттуу балдар! Бүгүн биз “Көркөмдүктү көрө бил!” аттуу жаңы конкурс жарыялайбыз. Конкурстун шарты боюнча айланадагы кооздукту, көркөм көрүнүштү телефонго тартасыңар. Аны биздин мектептин сайтына жөнөтүшүңөр керек.

Калыстар тобу сүрөттөрдү карап көрүп, арасынан мыктыларын аныктайт. Жеңүүчүнүн аты мектептин ардак тактасына жазылып, өзү баалуу белек менен сыйланат. Андыктан, сүрөт тартууга чыгармачылык менен мамиле кылып, жеңишке жетүүгө аракеттенгиле. Анда эмесе, чамдагыла! Баарыңарга ийгилик каалайм!

Ансыз да окуучулар кечээтен бери жайлоонун жашыл ыраңына суктанып, телефонго тартып бүтө албай жатышкан эле. Эми конкурс жарыялангандан кийин ого бетер кызыгуу  күчөдү. Баары телефондорун белендей кармап, сулуулук бир гана өзүн күтүп тургандай, кечиксе кетип калчудай болуп шашылышты.

Жеңишке жетүүгө белсенген окуучулар шаңдуу сүйлөшө жогору жөнөштү.





– Шаркыратмага баралы! – деди мурда да келип, жайлоону жакшы билип калган Акбар. – Бул жердеги эң кооз кубулуш – капчыгайдын төрүндөгү шаркыратма. Ал анча деле алыс эмес.

– Андан көрө бийик тоого чыксак, айлана алаканга салгандай кооз көрүнөт болуш керек, – деди Айзат.

Бирок шаркыратманын кооздугу балдарды көбүрөк кызыктырып, баары Акбарды колдошту.

– Анда кеттик! Сууну бойлой бассак бат эле жетип барабыз. Андан кийин Айзат айткан бийик тоого да чыксак болот, – деди демилгени колго алган Акбар.

– Туура айтасың!

– Ооба, ошондой кылалы!

Ушинтип классташтар бир пикирге келген соң, шаркырап агып жаткан сууну карай жөнөштү. Шаңдуу басып, түрдүү чөбү тизеден келген жайыкты кесип өтүшкөндө, артта келе жаткан кыз токтой калды. Анын калып калганын балдар токойго киргени калганда гана көрүштү.

– Гүланда, эмне калып калдың? Жүрү, шаркыратмага барып келели!

– Гүланда, эмне болду сага?

– Чарчап калган жоксуңбу? – деп кыйкырышты тынчсызданган классташтары.

Гүланда курбуларына жылмая карап, мында каларын айтты. Ал кайрадан жер карап, алдындагы азыр эле классташтары басып өткөндө жапырылган чөптөр менен уйпаланган гүлдөрдү аяп турду.






– Гүланда! Жүрү, гүлдү өйдө жактан теребиз.

– Ооба, бул жерде андай деле жакшы гүлдөр жок экен, – дешти анын гүлдөргө кызыгып турганын байкаган кыздар.

– Балдар,  жакшы барып келгиле! Менин шаркыратмага баргым келген жок. Гүл да тербейм! – деп жооп берди Гүланда.

Жалгыз калган Гүланда бул айланадан чыккан жок.





Убакыт чак түш болуп, коздукка “аңчылыкка” чыккан окуучулар кайтып келишти. Айлана кайрадан балдардын үнүнөн шаңданды. Эми алар конкурска келип түшкөн сүрөттөрдү талкуулап жатышты. Көз жоосун алган айлана сүрөткө тартылганда, ого бетер кооз көрүнө түшкөнү байкалды. Алардын ичинен мыктылары көзгө дароо эле урунуп, суктануу жаратып, жеңишке жетери болжонду. Ал эми жөнөкөйлөрүнө көңүл бурулбады. Гүланданын сүрөттөрү да жөнөкөй болчу. Анткени ал айланадагы майда чөптөрдү, гүлдөрдү, ал тургай таштарды жакындан сүрөткө тартыптыр.  Өсүмдүктөр жакындан тартылганда башкача кооз боло түшкөнүн кунт коё карагандар байкашты. Айрымдар “чөп-чарларды, таштарды жөн эле тарта бериптир” деп ойлошту.


Кеч кирип, окуучулар чогулганда мектеп директору конкурстун жыйынтыгын жарыялады:

– Кымбаттуу окуучулар, бүгүн эсте каларлык күн болду. Баарыбыз тоо аралап басып, жаратылыш койнунда жакшы эс алдык. Бул жайдары маанайыңардан эле көрүнүп турат. Жөн эс албай конкурска катышып, күчүңөрдү сынап көрдүңөр. Көргөндүн көзүн кубантып, көңүлүн көтөрчүдөй абдан жакшы сүрөттөрдү тартыпсыңар. Азаматсыңар! Жеңишке татыктуулар көп болду. Араңарда коздукту бөлөкчө көз

Баарыбыз байкагандай, Гүланданын майда гүлдөр менен ар кандай чөптөрдү чагылдырган сүрөттөрү жөнөкөй жана жупунудай сезилет. Бирок дал ошол майда гүлдөр менен чөптөр жерибиздин сулуулугун арттырып жатканын  билбей, тебелеп-тепсеп кете берет экенбиз.

Баарыбыз ары-бери чуркап кооздук издеп жүргөндө, Гүланда бут алдындагы көркөмдүктү байкай алыптыр.  Ошондуктан Гүланда Акылбекованы “Көркөмдүктү көрө бил!” конкурсунун жеңүүчүсү деп жарыялап, фотоальбом жана фотоаппарат менен сыйлайбыз.

Ортого чыккан Гүланданын уяң жүзү сыймык менен кубанычтан улам өзү тарткан гүлдөрдөй болуп албырып турду...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Кубанычбек Аркабаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли